**3.2. Материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу механизми**
Мектепте материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча жыл сайын анализ жүргүзүлөт. Окуу процессине керектүү жабдууларды жаңылоо жана толуктоо боюнча план түзүлөт. Мектеп администрациясы инвентаризация жүргүзүп, жетишпеген ресурстар боюнча сунуштарды даярдайт.

Материалдык базаны жакшыртуу үчүн мектептин өнүгүү планы түзүлгөн. Анда окуу кабинеттерин жаңылоо, техникалык каражаттарды көбөйтүү жана маалыматтык ресурстарды кеңейтүү каралган.

**Мектептеги оргтехниканын жаңылануу динамикасы (2021–2025)**
Бул отчетто 2021–2025-жылдар аралыгында мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу максатында алынган оргтехникалар жөнүндө маалымат берилет. Акыркы жылдары окуу процессин санариптештирүү жана сабактарды заманбап ыкмалар менен өткөрүү үчүн ноутбуктар, принтерлер, проекторлор жана экрандар сатылып алынган. 2025-жылы мектепке жаңы интерактивдүү панель алынган.

**Оргтехникалардын саны боюнча маалымат**

| Жыл | Ноутбуктар | Принтерлер | Проекторлор | Экрандар | Интерактивдүү панель | 3D Принтерлер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2021 | 13 | 6 | 8 | 8 | 0 | |
| 2022 | 15 | 8 | 10 | 10 | 0 | |
| 2023 | 18 | 10 | 12 | 12 | 0 | 3 |
| 2024 | 20 | 12 | 15 | 15 | 0 | |
| 2025 | 25 | 15 | 17 | 17 | 2 | 1 |

**Диаграмма: оргтехниканын өсүү динамикасы**




Жогорудагы диаграммада 2021–2025-жылдар аралыгында мектептеги оргтехниканын саны жыл сайын көбөйүп жаткандыгы көрүнүп турат. Бул мектептин материалдык-техникалык базасынын жакшырганын жана билим берүү процессине заманбап технологиялар киргизилип жатканын көрсөтөт.